DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2022

*Кокомбаев К.С., Мусакулов Т.М.*

# ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРДӨ МУГАЛИМДЕРДИН АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ СОЦИАЛДЫК СТАТУСУ

*Кокомбаев К.С., Мусакулов Т.М.*

# СОЦИАЛЬНЫЙ СТАТУС УЧИТЕЛЕЙ ЗА РУБЕЖОМ В НАСТОЯЩЕЕ ВРЕМЯ

*K. Kokombaev, T. Musakulov*

# CURRENT SOCIAL STATUS OF TEACHERS ABROAD

*УДК: 37.013.78*

*Мугалимдер социалдык топ катары калктын социалдык аярлуу катмарынын бири болуп саналат. Бүгүнкү күндө, мугалимдин статусу бир кыйла төмөн социалдык деңгээлде, жана бул анын социалдык маанайында жана ишмердигине болгон мамилесинде чагылдырылып, окуучулардын билим алуу натыйжаларына да таасир этет. Эгерде мугалимдердин коомдогу кадыр-баркы болбосо, анда окуучулар, ата-энелер да сабагын, мектепти бүтүрүүчүлөр мугалимдик кесипти кесип катары баалашпай калышат. Учурда мугалимдерге болгон урмат-сыйдын төмөндөшү тарбиялоо жана окутуу процесстерин начарлатат жана миллиондогон адамдар үчүн окууга болгон мүмкүнчүлүктөрүнө зыян келтирип мамлекетти да алсыратат. Макалада мугалимдердин социалдык абалын жакшыртуу зарылдыгы жөнүндө маселе каралып, бул мезгил талабы экендиги белгиленип, көйгөйдүн актуалдуулугун тастыктаган ар кандай изилдөөлөрдүн статистикалык маалыматтары жана дүйнөлүк коомчулуктун оң тажрыйбасын изилдөө боюнча мисалдар келтирилген. Бул макаланын максаты чет мамлекеттердеги мугалимдердин статусуна салыштырмалуу Кыргызстандын мугалимдеринин социалдык абалын иликтөө.*

***Негизги сөздөр:*** *мугалим, мамлекет, социалдык деңгээл, социалдык абал, мугалимдин статусу, коом, мугалимдик кесип, тарбия.*

*Педагоги как социальная группа – один из самых уязвимых слоев населения. Сегодня статус учителя на социальном уровне намного ниже, и это отражается на его социальном положении и отношении к своей деятельности, что также влияет на результаты обучения учащихся. Если у учителей нет авторитета в обществе, то ученики и их родители не будут ценить их предмет, а выпускники не будут ценить педагогическую профессию. Нынешний спад уважения к учителям подрывает процесс образования и обучения, ослабляет государство, нанося ущерб доступу к образованию для миллионов людей. В статье обсуждается необходимость повышения социального статуса учителей, приводятся статистические данные различных исследований, подтверждающие актуальность проблемы, и примеры из изучения положительного опыта мирового сообщества. Цель данной статьи - сравнить социальный статус учителей в Кыргызстане по отношению к статусу учителей за рубежом.*

***Ключевые слова:*** *учитель, государство, социальный уровень, социальный статус, статус учителя, общество, профессия учителя, воспитание.*

*Teachers as a social group are one of the most vulnerable segments of the population. Today, the status of a teacher at the social level is much lower, and this is reflected in his social status and attitude towards his activities, which also affects the learning outcomes of students. If teachers do not have a reputation in society, then students and parents will not value the subject, and graduates will not value the teaching profession as a profession. The current decline in respect for teachers undermines the process of education and training, and weakens the state, harming access to education for millions of people. The article discusses the need to improve the social status of teachers, provides statistical data from various studies confirming the relevance of the problem, and examples from the study of the positive experience of the world community. The purpose of this article is to compare the social status of teachers in Kyrgyzstan in relation to the status of teachers abroad.*

***Key words:*** *teacher, state, social level, social status, teacher status, society, teacher profession, education.*

Мугалимдер коомубуздун эң маанилүү мүчөлөрү болушу керек. Алар балдарга максат берип, аларды жаран катары аларды ийгиликке жетүүгө шыктандырышат жана ийгиликке жеткиришет. Бүгүнкү балдар эртеңки күндүн башкаруучулары, ал эми мугалимдер баланы келечегине даярдай турган орчундуу күч. Мугалимдик кесип эмне үчүн маанилүү? Мугалимдер келечектеги лидерлерди, коомдогу позитивдүү жана шыктандыруучу келечек муундарды кура тургандар, ошондуктан аларда жергиликтүү жана дүйнөлүк масштабда коомду түзө турган инсандарды калыптандырууга мүмкүнчүлүктөрү бар. Чындыгында, мугалимдер дүйнөдөгү эң маанилүү кесип болуп эсептелет. Балдарга таасир эте алган мугалимдик кесип адамдардын жашоосун жакшы жакка өзгөртө алат. Бул балдардын өзүлөрү үчүн гана эмес, ошондой эле бардык курактагы адамдардын жашоосу үчүн өтө маанилүү.

Мугалимдер көбүнчө коомдогу эң билимдүү адамдар болушкан, ошондуктан аларга кеңеш сурап жана жетекчилик катары кайрылышкан. Албетте, коом үчүн чоң иштерди жасашкан мугалимдердин эң негизги максаттарынын бири – адамдардын аң-сезимдерин ойготуу.

Тилекке каршы, заман өзгөрүп, азыр көптөгөн өлкөлөрдө мугалимдер мурун алган жогорку статусун жоготушкан учур. Демек, мугалимдин учурдагы статусунун таасири кийинки муундун жашоо мүмкүнчүлүктөрүнө олуттуу доо кетирет десек жаңылбайбыз.

Эгерде мугалимдер коомдо кадыр-баркка ээ болбосо, анда окуучулар аларды класста укпай, ата-эне-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



лер баалашпай, мектепти бүткөн эң таланттуу бүтүрүүчүлөр мугалимдик кесипти кесип катары баалабай калышат, жана мындай мамиле кийинчерээк оорчундуу көрүнүштөргө алып келбейт деп эч ким кепилдик бере албайт. Убакыттын өтүшү менен мугалимдерге болгон урмат-сыйдын төмөндөшү тарбиялоо жана окутуу процесстерин начарлатат жана бул болсо андан ары чооң көйгөйлөргө алып келет. Алар билим алууну гана төмөндөтпөй, миллиондогон адамдар үчүн окууга болгон мүмкүнчүлүктөрүнө зыян келтирет жана акыры барып мамлекетти да алсыратат.

Ушул себептерге ылайык, ар кайсы өлкөлөрдөгү мугалимдерге болгон сый-урматтын деңгээлин өлчөө үчүн Бүткүл дүйнө жүзү боюнча Varkey GEMS Фонду мугалимдердин глобалдык статусун түзгөндүгүн баса белгилейт [2]. Биздин баамыбыз боюнча, баардык өлкөлөрдө мугалимдерге болгон жеке мамиле жогорку квалификациялуу дарыгерлерге сыяктуу эле мамиле жасашпайт. Бирок, сурамжылоого катышкан 21 өлкөнүн ичинен Кытайда гана мугалимдерди дарыгерлерге теңеп жогору баалашкан. Ал эми Улуу Британияда тескеричинче, жарандардын 5%дан азы мугалимдерге тийиштүү статуска ээ экендигин белгилешкен [2].

Эл аралык изилдөө жүргүзүлүп, анда мугалимдерге болгон сый-урматтын деңгээлин текшерүү үчүн алардын коомунда профсоюздар уюму кабыл алган социалдык статус боюнча өз жарандарынан беш кесипке баа берүүнү суранышкан: инженер, дарыгер, медайым, полиция кызматкери жана мугалим. Албетте, дарыгер болуу сөзсүз түрдө баарына жаккан эң кадырлуу кесип катары табылып, андан кийинки орунду инженердик кесип ээлеген. Рейтингде үчүнчү орун мугалимге, андан кийин медайымга берилген. Бешөөнүн эң аз кадыр-баркы болуп полиция кызматкери эсептелген. Бул рейтинг мугалимдик адистерге көрсөткөн сый-урматты чагылдырып турат. Биз мындай көрсөткүч жакшыбы, же жаманбы ушул макаланы окуган ар бир окурмандын ыктыярына коелу деп чечтик.

Мугалимдик кесип кадырлуу кесип экендигин түшүнүүгө жардам берүү үчүн, чет өлкөлүк изилдөөчүлөр төмөнкү суроого кайрылууга туура келгенин белгилешкен. Мисалы: «Келечекте сиз өз балаңызды мугалим болууга үндөйсүзбү?». Мында Кытайдагы ата-энелердин 50% кубаттоо менен кабыл алышкан, ал эми Израилде болсо 8% гана үндөшмөк экендигин билдиришкен. Башка мамлекеттерде, айрыкча Европада, бул кесипке өтө төмөн көрсөткүч менен карашарын белгилешкен. Кытай жана Түштүк Корея сыяктуу Ыраакы Чыгыштагы өлкөлөр дүйнөсүндө мугалимдик кесип азыр да өзүнүн кадыр-барктуу статусун сактап калганын көрсөт [2].

Жооптордун басымдуу көпчүлүгү биз кесипке мыкты мугалимдерди топтоп, аларга жетиштүү шарт түзүп берсек, анда биз өнүгүү абалыбызды сактап кала алабыз деген ойду айтышкан. Мисалы, Финляндиянын эл аралык студенттер үчүн түзүлгөн программасы биринчи орунду ээлеген. Анткени, анда Баалоо рейтинги (PISA) мугалимдик кесипти ушунчалык жогорку деңгээлге көтөргөндүгү үчүн, ушунчалык популярдуу кылган себебинен, мугалимдердин ишмердиктери жогорку көрсөткүчтөргө алып келип, окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү чыныгы магистр даражасына ээ болушканын аныктадык [4].

Чет элдик изилдөөлөргө таянсак, мугалимдердин айлыгы канчалык жогору болсо, окуучулардын жетишкендиктери ошончолук жогору болоорун изилдедик. Дүйнөлөк деңгээлдеги изилдөөлөр мугалимдердин статусунун индекси көрсөткөндөй, көптөгөн өлкөлөрдөгү жарандар мугалимдер эң жогорку урмат-сыйга татыктуу деп эсептешет.

**Чет өлкөдө мулимдердин эмгек акылары [5]**

| Мамлекет | 1 жылдык эмгек акысы ($ менен) | 1 айлык эмгек акысы ($ менен) | 1 айлык эмгек акысын сомго айландырганда |
|---|---|---|---|
| Мексика | 68 343 | 5 695 | 478 380 |
| Германия | 61 317 | 5 110 | 429 240 |
| США | 42 695 | 3 558 | 298 872 |
| Испания | 40 752 | 3 396 | 285 264 |
| Австралия | 39 125 | 3 260 | 273 840 |
| Нидерланды | 38 473 | 3 206 | 269 304 |
| Франция | 30 651 | 2 554 | 214 536 |
| Юж. Корея | 29 252 | 2 438 | 204 792 |
| Англия | 27 768 | 2 314 | 194 376 |
| Япония | 27 627 | 2 302 | 193 368 |
| Греция | 17 760 | 1 480 | 124 320 |
| Россия | 5 724 | 477 | 40 068 |
| Кыргызстанда | 2 000 | 167 | 14 028 |

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



2018-жылы Экономикалык Кызматташтык жана Өнүгүү Уюму (OECD) 37 мамлекеттин билим берүү кызматкерлеринин жана мугалимдеринин эмгек акысы боюнча изилдөөнүн жыйынтыгын жарыялады. Мугалимдердин жыл ичинде алган эмгек акылары АКШ долларына которулган. Бардык маалыматтарды төмөнкүгө чейинки аралыкта көрсөттүк, анда төмөнкү чеги - бул башталгыч класстын мугалими эмгек стажы жок, ал эми жогоркусу 15 жылдан ашык стажы бар орто мектептин мугалими [6].

Суссекс Университетинин изилдөөсү 35 өлкөнү камтыды, алардын айрымдары ЭКӨУнун аналитикалык ишинде камтылбады. Ошондой эле мугалимдердин жылдык орточо эмгек акысы АКШ долларында көрсөтүлгөн. Ошентип, алдыңкы өлкөлөргө төмөнкүлөр кошулат: Сингапур - 50,249$, Испания - 47 864$, Канада - 43 715$, Тайвань - 40,821$, Финляндия - 40 491$.

Өз кезегинде, төмөнкү өлкөлөр эң төмөн рейтингди көрсөтүшөт: Гана – 7249$, Египет – 6592$, Уганда – 4205$. Кыргызстанда 2000 доллар алышат деп кошумчалайбыз [6]. Бул маалыматты салыштырып көрүү оңтойлуу болуу үчүн, биз бул көрсөткүчтү жогорудагы таблицага кошуп койдук.

Бирок эмгек акыны жана шарттарды өркүндөтүү менен гана мугалимдин көйгөйү чечилбейт. Телевизордо баатырлардын өмүрүн сактап калуучу чындыкка жатпаган врачтардын элестүү образдары чагылдырылып, бирок инсандын турмушун өзгөрткөн мугалимдерди чагылдырган тасмалар дээрлик жокко эсе деп чет өлкөлүк изилдөө жүргүзгөндөр да аз эмес. Эгерде мугалимдин даражасы мамлекеттик жана коомдук деңгээлде бааланбаса, эмгек акысын жогорулатуу стимулу жетиштүү болбойт. Дээрлик бардык жалпыга маалымдоо каражаттарынан баштап, баардык коомдук жайларда жана башка кандай гана учурлар болбосун, мугалимдин даражасын, статусун көтөрүүгө бүт аракетти багыттоо зарыл деп чет өлкөлүк окумуштуулар кескин ойлорун билдиришкен. Мисалы, жыл сайын Улуу Британияда Эл аралык медайымдардын күнү белгиленип, Вестминстер аббаттыгында белгиленип келет. Өз кезегинде, Президент болгон Рейган Кошмо Штаттарда Улуттук медайымдар күнүн жарыялаган, бул жалпыга маалымдоо каражаттарына медайымдардын жетишкендиктерин чагылдырууга мүмкүнчүлүк берген. Бирок, ушул сыяктуу Билим берүү жаатындагы Бүткүл дүйнөлүк мугалимдер күнүнө (5 октябрь) анча деле көңүл бурулбай келет. Көпчүлүк адамдар мындай күн бар экенин билбеши да анык. Ошол эле окумуштуулар «Асыл» кесип деп мугалимдик кесипти аташып, аны чындап даңазалоонун жолдорун таба алсак, ал жөнүндө көбүрөөк ойлонуп, көп изденүү жүргүзсөк бул кесипти чындап жогору баалай алат элек деп эсептешет.

Билим алуучулардын билим деңгээли менен жетишкендиктери өлкөнүн өзүнүн билим берүү тутумуна жумшаган ресурстарына, мугалимдерди жумуш менен камсыз кылуу процессине жана мугалимдердин эмгек акысына тиешеси бар экендигин азыркы учурда түшүндүкбү же али жокпу. Маданий жана социалдык факторлордун ар бир өлкөдөгү мугалимдердин статусуна болгон мамилеси белгисиз. Тактап айтканда, анын таасирин түшүнүшүбүз керек деген максатта жогоруда аты аталган Эл аралык уюм изилдөө уюштурган. Аларга төмөнкүлөр суроолор кирген:

- Мугалимдерди башка кесиптерге караганда кандайча урматташат.
- Мугалимдердин социалдык абалы.
- Ата-энелер балдарын мугалим болууга үндөйбү?
- Билим алуучулар мугалимдерди сыйлаш керек деп эсептешеби?
- Мугалимдерге татыктуу айлык акы төлөө керекпи?
- Жарандар мугалимдерге билим алуучулардын жетишкендиктерине жараша эмгек акы төлөнүшү керек деп эсептешеби?
- Билим берүү тутумуна жарандардын ишеними кандай?
- Балдарга жакшы билим берүү үчүн мугалимдерге ишенсе болобу?
- Мугалимдердин профсоюз уюмдары жетиштүү күчкө ээби?

Жогорудагы суроолор мугалимдин статусуна тиешелүү бардык аспектилерин чагылдырат. Мугалимдердин статусун баалоо мугалимдерге дагы, өкмөттөгүлөргө дагы окуунун натыйжаларын жакшыртуу үчүн баалуу маалыматтарды бере алат. Мындан тышкары, ааламдык деңгээлде салыштыруу билим берүүнү реформалоого жардам берүү үчүн баалана турган өлкөлөрдүн кемчиликтерин жана окшоштуктарын ачып берет.

Varkey GEMS Фонду бул суроолорго жооп издегиси келип, 21 өлкөдө сурамжылоо жүргүзүшкөн жана алардын ар биринде 1000 респонденттерди сурамжылоо: Бразилия, Кытай, Чехия, Египет, Финляндия, Франция, Германия, Греция, Израиль, Италия, Япония, Нидерланды, Жаңы Зеландия, Португалия, Түркия, Сингапур, Түштүк Корея, Испания, Швейцария, Улуу Британия жана АКШ мамлекеттеринде жүргүзүшкөн. Натыйжалар алардын отчетторунда жалпыланган жана үч негизги бөлүктө берилген:

- мугалимдин статусу;
- мугалимдердин жетишкендиктерин кабыл алуу;
- мугалимдик ишмердик жана көзөмөл.

Бул изилдөөлөрдүн негизги максаты ар кайсы өлкөлөрдө мугалимдерди канчалык урматташарын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жана алардын социалдык абалы кандай экендигин түшүнүү болгон. Алар муну төрт багытта жасашкан:

• Башталгыч, орто жана окуу жайдын жетекчилер ролун изилдөө.

• Ата-энелер балдарын мугалим болууга үндөшөөрүн аныктоо.

• Мугалимдин башка кесиптин ээлерине салыштырмалуу социалдык статусун аныктоо.

• Окуучулардын мугалимдерге болгон сый-урмат мамилесин изилдөө [2].


Ушул төрт факторду карап чыгып, алар мугалимдерге болгон сый-урмат жагынан өзгөрүлмө факторлордун ортосунда жана өлкөлөр ортосунда окшоштуктар бар же жок экендигин аныктоону максат кылышкан. Натыйжасы мугалимдердин статусунун индексине киргизилген, анда ар бир мамлекетте мугалимдик кесипке жана башка өлкөлөрдөгү мугалимдерге карата болгон сый-урмат да чагылдырылат.

Алар мугалимдик кесиптин социалдык абалын аныктоо үчүн катышуучуларыбыздан 14 кесипке урмат-сыйына жараша катарын түзүп берүүсүн сурадык. Мында төмөнкү кесиптердин катары тандалды деп төмөнкү көрсөткүчтөрдү белгилешкен:

1. Башталгыч класстын мугалими
2. Социалдык кызматкер
3. Орто мектеп мугалими
4. Веб-дизайнер
5. Башкы мугалим (директор, завуч)
6. Полиция кызматкери
7. Доктор
8. Инженер
9. Медайым
10. Юрист
11. Китепканачы
12. Бухгалтер
13. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу менеджери
14. Башкаруу боюнча консультант.

Бул кесиптер атайын кылдаттык менен тандалып алынган. Респонденттерге альтернативдик кесиптерди тандоого мүмкүнчүлүк берүү менен, алардан кесиптердин так рейтингин түзүүнү сунушташкан. Натыйжалардын маңызы төмөндөгү сүрөттө көрсөтүлгөн. Сызыктык графикте 1ден 14кө чейинки башталгыч, орто жана башкы мугалимдердин орточо рейтинги көрсөтүлгөн, алардын ичинен 14 эң жогорку баа алган кесиптер. Сызык диаграммасы маалымдама максатында жетекчилик кылган мугалимдерге карата урматтоо боюнча жогорку орунду ээледи [2].

Башка кесиптерге салыштырмалуу башталгыч класстардын мугалимдеринин, орто мектептердин мугалимдеринин жана мектеп жетекчилеринин статусунун орточо рейтинги (1 = төмөнкү статус рейтинги, 10 = жогорку статус рейтинги) көрсөтүлгөн.




21 мамлекетте мугалимдерди сыйлоонун орточо рейтинги 14 кесиптин ичинен 7-ни ээлеген. Бул башка тандалган кесиптерге салыштырмалуу мугалимдик кесипке болгон урматтоонун орточо деңгээлин көрсөтөт. 86% өлкөлөрдө мектеп директорлору орто мектептин мугалимдерине караганда жогору бааланат. 81% өлкөлөрдө орто мектеп мугалимдери башталгыч класстын мугалимдерине караганда кадырбарктуу [2].

Бул сурамжылоолордун жыйынтыктары төмөнкүдөй болгон:

- Франция, Кытай, Түркия жана АКШда башталгыч класстардын мугалимдери орто мектептин мугалимдерине караганда жогору бааланат.
- Кытайда жана Грецияда жетекчилик кылган мугалимдер башталгыч жана орто мектеп мугалимдеринен төмөнкү абалды ээлешкен. Бул жетекчилик

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



кылган мугалим аткарган административдик ролдун түрүнө байланыштуу болушу мүмкүн.

- Сурамжылоого катышкан бардык өлкөлөрдүн ичинен Улуу Британияда мектеп директорлорун өзгөчө урматтайт.
- Чехияда мугалимдердин категорияларынын ортосундагы рейтингде олуттуу айырмачылыктар бар. Башталгыч жана орто мектептин мугалимдери өлкөнүн рейтингинин ылдый жагында, ал эми директорлору жогору турат.
- Кытай, Түштүк Корея, Египет жана Түркияда мугалимдерди абдан урматташат.
- Көпчүлүк Европа өлкөлөрү жана АКШда үч рейтингде тең көрсөткүч ортосунда турат.
- Израилде, Бразилияда жана Чехияда мугалимдерди эң аз урматташаары аныкталды.

**Адабияттар:**


1. Алферов Ю.С. Нормирование нагрузки учителей в развитых странах // Педагогика. 2000. № 4. С. 77.
2. Varkey GEMS Foundation Global Teacher Staus Index October 2013 https://www.globalteacherprize.org/media/2787/2013globalteacherstatusindex.pdf
3. Информационный бюллетень. Межпарламентская Ассамблея государств-участников Содружества Независимых Государств. 2005. № 35 (часть 2). С. 208–217.
4. Международные нормативные акты ЮНЕСКО. - М., 1993.
5. https://visasam.ru/emigration/canadausa/zarplata-uchitelya-v-usa.html
6. https://activityedu.ru/Blogs/international/skolko-rabotayut-i-poluchayut-uchitelya-za-rubezhom-statistika-interesnye-fakty/